ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын **№9 ПРОТОКОЛУ**

*2023-жылдын 19-июну*

*Төрага:* У.А. Сопуев

*Окумуштуу катчы:* А.А. Абдилазизова

*Катышкандар*: Окумуштуулар кеңешинин 26 мүчөсү жана профессордук-окутуучулук курам.

Күн тартиби:

1. Факультеттин эл аралык байланыштары боюнча иштеринин абалы жана алдыдагы милдеттери (Баяндамачы: МИТ факультетинин эл аралык байланыштары боюнча декандын орун басары, улук окутуучу Г. А. Шамшиева);
2. Конкурстук шайлоолор;
3. Ар түрдүү маселелер.

УГУЛДУ: МИТ факультетинин деканы У.А. Сопуев күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды. Окумуштуулар кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча 1-маселеге 15 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдоого алынды.

1-МАСЕЛЕ.

УГУЛДУ: Факультеттин эл аралык байланыштары боюнча иштеринин абалы жана алдыдагы милдеттери жөнүндө эл аралык байланыштары боюнча декандын орун басары, улук окутуучу Г. А. Шамшиеванын билдирүүсү угулду (отчет тиркелет).

ЧЫГЫП СҮЙЛӨШТҮ: *М. Мамаюсупов (жогорку математика кафедрасынын профессору):* ийгиликтер, эл аралыке байланыштар жакшы экен. Доклад жөнөкөй отчет болуп калган. Окуу процессинин өзгөчөлүктөрү боюнча анализ жасалып, кафедраларга сунуш бере тургандай отчет болсо жакшы болмок.

*Жооп:* Мобилдүүлүккө барган студенттердин окуу планы боюнча салыштырып караганда бизде жаңы предметтер көп. Ошол себептүү сунуш бере албадым.

*А.Ж. Кудуев (окуу иштери боюнча декандын орун басары, доцент): 1-суроо.* 12 студент мобилдүүлүккө барып келген, ошолор менен кафедраларда онлайн жолугушуу болдубу?

Жооп: Онлайн жолугушуу болгон жок, бирок What`s app аркылуу үзгүлтүксүз байланышта болуп турдук.

2-суроо. Конок лектор менен келишимдер жөнүндө айтып берсениз. Келишимдер сайтта болсо жакшы болот.

Жооп: Өзбекистан менен 2, Казакстан менен 3, Россия менен 1 келишим бар.

3-суроо. Конок лекторлор менен байланыш учурунда өзүнүз катышкансызбы, фото отчеттор барбы? Кайсы кафедранын ишмердүүлүгүн жогорку деңгээлде деп атоого болот?

Жооп: фото отчетторду жасабапмын. Бардык кафедралар өздөрүнө тиешелүү болгон жумуштарын аткарып жатышат.

4. Кайсы адистиктин студенттери көп келди?

*Г.М. Борбоева (АИГ кафедрасынын башчысы, доцент)*: Алсыз жактарын күчөтүүгө кандай пландар каралып жатат?

Жооп: курстарды уюштуруп, чет тилдерин үйрөтүү, ага волонтерлорду тартуу аракеттери жасалып жатат.

*Д. Кедейбаева (Жогорку математика кафедрасынын башчысы, доцент):* чет өлкөгө окутуучулар чыгуу үчүн кандай иш аракеттер жүргүзүлөт?

Жооп: кафедра өзү келишим түзүп, окутуучу барып келсе болот.

*А. Сопуев (ИСП кафедрасынын профессору):* К.Алымкуловдун 80 жылдыгына арналган эл аралык конференцияны отчетко кошсоң болот эле.

Жооп: рахмат, эске аламын

Биринчи маселе боюнча факультетинин эл аралык байланыштары боюнча декандын орун басарынын маалымдоолорун талкуулоонун жана аны негизинен жактыруу керек деген сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар кеңеши

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.МИТ факультетинде 2022-2023 -жыл үчүн эл аралык байланыштар бөлүмүнүн жооптуусу Г.А. Шамшиеванын отчету канааттандырарлык деп табылсын;

2. Чет өлкөлүк өнөктөштөр менен биргелешкен билим берүү, кош диплом программаларынын көбөйтүү, мобилдүүлүктүн көрсөткүчү жогорулатылсын (жооптуулар: кафедра башчылары, эл аралык байланыштары боюнча декандын орун басары);

3.Эразмус+, Мевлана, УШОС ж.б.у.с. академиялык мобилдүүлүк программаларынын катарын жаңы программалар менен толуктоо. (жооптуулар: кафедра башчылары);

4. Конок лекторлорду алыскы өлкөлөр байланышын жана окутуучулардын мобилдүүлүгүн күчөтүү (жооптуулар: кафедра башчылары);

5. Ар бир кафедра адистиктер боюнча англис тилдүү группаларды ачышсын жана АУЦА менен байланыш күчөтүлсүн (жооптуулар: кафедра башчылары, эл аралык байланыштары боюнча декандын орун басары);

6. Окумуштуулар Кеңешинин жогорку чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө декан-дын эл аралык байланыштар бөлүмүнүн орун басары Шамшиева Гүлмира Асилидиновна-га жүктөлсүн.

2-МАСЕЛЕ.

Конкурстук шайлоолор:

1) МИТ факультетинин автоматташтырылган системалар жана санариптик технологиялар кафедрасынын улук окутуучусу Сулайманов Адылбек Абдиллаевичти аталган кафедра-нын улук окутуучусу кызмат орунга конкурстук шайлоодон өткөрүү.

Конкурстук шайлоонун жыйынтыгы:

Добуш берүүгө катышкандар – 26

"Макул" – 26 "Каршы" – жок "Калыс" – жок "Жараксыз" – жок

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар кеңеши ТОКТОМ кылат:

1. МИТ факультетинин автоматташтырылган системалар жана санариптик технологиялар кафедрасынын улук окутуучусу Сулайманов Адылбек Абдиллаевич аталган кафедранын улук окутуучусу кызмат орунга шайланды деп эсептелсин;

2. Бул токтомду бекитүү жагы ОшМУнун ректорунан суралсын.

2) МИТ факультетинин математиканы, информатиканы окутуунун технологияласы жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын улук окутуучусу Тагаев Уметалы Боястановичти аталган кафедранын улук окутуучусу кызмат орунга конкурстук шайлоодон өткөрүү.

Конкурстук шайлоонун жыйынтыгы:

Добуш берүүгө катышкандар – 26

"Макул" – 21 "Каршы" – жок "Калыс" – жок "Жараксыз" – жок

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар кеңеши ТОКТОМ кылат:

1. МИТ факультетинин математиканы, информатиканы окутуунун технологиясы жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын улук окутуучусу Тагаев Уметалы Боястанович аталган кафедранын улук окутуучусу кызмат орунга шайланды деп эсептелсин;

2. Бул токтомду бекитүү жагы ОшМУнун ректорунан суралсын.

3) МИТ факультетинин математиканы, информатиканы окутуунун технологияласы жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын улук окутуучусу Садыков Замирбек Маматхалиловичти аталган кафедранын улук окутуучусу кызмат орунга конкурстук шайлоодон өткөрүү.

Конкурстук шайлоонун жыйынтыгы:

Добуш берүүгө катышкандар – 26

"Макул" – 26 "Каршы" – 0 "Калыс" – жок "Жараксыз" – жок

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар кеңеши ТОКТОМ кылат:

1. МИТ факультетинин математиканы, информатиканы окутуунун технологияласы жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын улук окутуучусу Садыков Замирбек

Маматхалилович аталган кафедранын улук окутуучусу кызмат орунга шайланды деп эсептелсин;
2. Бул токтомду бекитүү жагы ОшМУнун ректорунан суралсын.

4) МИТ факультетинин математиканы, информатиканы окутуунун технологияласы жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын улук окутуучусу Авазова Элнура Токтогуловна ны аталган кафедранын улук окутуучусу кызмат орунга конкурстук шайлоодон өткөрүү.
Конкурстук шайлоонун жыйынтыгы:
Добуш берүүгө катышкандар – 26
“Макул” – 26 “Каршы” – жок “Калыс” – жок “Жараксыз” – жок

Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар кеңеши ТОКТОМ кылат:
1. МИТ факультетинин математиканы, информатиканы окутуунун технологияласы жана билим берүүдөгү менеджмент кафедрасынын улук окутуучусу Авазова Элнура Токтогуловна аталган кафедранын улук окутуучусу кызмат орунга шайланды деп эсептелсин;
2. Бул токтомду бекитүү жагы ОшМУнун ректорунан суралсын.

5) МИТ факультетинин колдонмо информатика жана информациялык коопсуздук кафедрасынын улук окутуучусу Абдималик кызы Жаркынайды аталган кафедранын улук окутуучусу кызмат орунга конкурстук шайлоодон өткөрүү.
Конкурстук шайлоонун жыйынтыгы:
Добуш берүүгө катышкандар – 26
“Макул” – 26 “Каршы” – жок “Калыс” – жок “Жараксыз” – жок
Күн тартибиндеги маселени карап чыгып, Окумуштуулар кеңеши ТОКТОМ кылат:
1. МИТ факультетинин колдонмо информатика жана информациялык коопсуздук кафедрасынын улук окутуучусу Абдималик кызы Жаркынай аталган кафедранын улук окутуучусу кызмат орунга шайланды деп эсептелсин;
2. Бул токтомду бекитүү жагы ОшМУнун ректорунан суралсын.

Окумуштуулар кеңешинин
төрагасы А. У. Сопуев

Окумуштуу катчы А.А. Абдилазизова

ДЕКАНАТ